инв. 288

Шамоков Леонид

„Семетей" /чзунду/

инв. 288.

Исмаилов Мамыр.

"Семетей": "Айчүрөк менен Чачыкейдин Семетейди талашы".

81 бет.

1985 ж.

Инв. 288.

Шапаков Момуштун "Семетей" эпосунан жазып келген үзүндүсү боюнча кыскача пикир.

Бул үзүндү "Чачыкей менен Айчүрөктүн Семетейди талашышы" деп аталат. Бул материалда Чачыкей менен Айчүрөктүн конфликтиси кызыктуу баяндалат. Ыкмоно, Болтойдун Семетей, Күлчоро менен болгон согушу жөнүндө кыскача болсо да айтылып, баталардагы сценаларда сүрөттөө жагынан башка айтуучулардан өзгөчөлөнүп тургандыгын байкоого болот. Окуя Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшүнө чейин өнүктүрүлүп барып токтойт. Шапаков Момуш белгилүү манасчы Шапак Ырысмендиевдин баласы. Өнөрдүктөн, атадан балага манасчылыктын өтүшү, кандай деңгээлде өздөштүрүүсү боюнча ой, пикир айтуу үчүн бул материал изилдөө иштерине өтө керектүү. "Кол жазмалар" фондусуна кабыл алса болот.

Жалпы көлөмү (3,48 басма табак)

Рецензент: (М. Мукасов)

Институт языка, литературы и истории ... Отдел рукописей Инв. № 288 стр. 81. 1985 ... ФАН ССОР гор. Фрунзе

1984 ж.

Семетейдин Чынгычко барышы
Семетей Бухардан он эки жашында
Таласка келген. Атасын тартып
баатыр эр болду. Даңкы кетти
далайга, арышы жетти алайга.
Жыйырма беш жашка чыгып
эр жетип турган кезде Бакайдан
кабар угуп Чынгычту кордой жопойт

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 288
стр. 81 1985 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Атам менин Акун кан
Алышып койгон кол ушул
Бирге жүргөн жол ошол
Балам чүрөк айлоонун
Арбака чеки болбоюн
Эми балам Айчүрөк
Башыма кыйын иш болду
Таласка чейин барсаңчы
Бир кабарын алсаңчы
Ал Манастын уулу Семетей
Аман эсен бар бекен
Кабарын жетип алсаңчы
Кан Бакайы бар бекен
Кабарын жетип алсаңчы
Кан Бакайы бар бекен
Же менден жаман кар бекен
Каныкейи бар бекен
Адамдан чыккан кар бекен
Булардан кабар бил деди
Үч күндөн калбай кел деди
Чыкожо, Толтой кордугу
Өтүп турат чоңдугу.
Аяктан жардам болбосо,
Бир кармашып коройун.
Ошону айтып Акун кан,
Ак батасын берди эми.
Алло акбар деди эми.
Бешти кийип белсенип.
Пери кызындай теңселип,
Оңду кийип оолугуп,
Жинтийгенсип Айчүрөк,
Кайра оңолуп соолугуп.
Көлкормо күндуз келечек бөрк,
Көк желкеде кыйшайып,
Өз формасу болуптур.

35 сап
81 мадан

Ак куу болуп Айчүрөк
Ак тазманы сыдырып
Калмактын эсин кыдырып
Жылдыз Кундуз элинде
Жылкысы жатуу жерине
Карагат менен калкылдап
Тула бою чылк алтын
Конурбай жүргөн жаркылдап
Көк ала сакал калдайга
Көрүп турду далайга
Мунун тилин кантип билет деп
Тили дүйнө барганда
Дозоцуна куйот деп
Сынап өттү Айчүрөк
Жердин баарын кыдырып
Ак тасманы сыдырып
Ай ааламды кыдырып
Доолордун баарын сынаптыр
Анжиянда Сынжибек
Сынап жүргөн Айчүрөк
Алайга малын эңкейтип
Аргымагын жеркейтип
Көк кечүүн тепейтип
Сынап жүргөн Айчүрөк
Аралап көрдү баарысын
Жашы менен карысын
Эңкейип учуп Айчүрөк
Таластын башы жети тор
Атанын сонун жер бол ай
Жайлап бир жүрчү жер экен
Кыдырып учуп эңкейип
Салынып кирген боз сеңир
Салынып турган боз коргон
Жунбосу экен Манастын
Ортосу экен Таластын

Үстүнөн учуп[ч]-мен өтсөм
Арбакка чекси болормун
Анда бир кантип оңомун
Жерилеп учуп Айчүрөк
Алыстап барып бир жерге
Ак куу бир кебин кийгены
Ал күмбөстү көргөндө
Жамгырын чүрөк ыйлады
Тахасын бир кылып күмбөскө
Көзүнүн жашын төккөнү
Андан бир учуп берилеп
Ала көл бойлоп келгени

Чачыкейдин ордого, эми кирмек болуптур
Алтындан сайкө, бир туталм
Олтурмадо шарк этип
Чачыкейдин ордого
Кирип барды жарк этип
Анда чүрөк мунү айтат
Айпабыз кетип калпык биз
Аманбы эже эми калкыңыз
Айчүрөк туруп муну айтат
Экөө болсо биригиши
Өзүңдөн башка кимиң мин
Суулуу бир келсен тишинмин
Колому жумган колго алып
Кол жуучуңуз болормун
Бедерлүү күмүш бөлөкдөн
Бет жуучуңуз болормун
Атам менин Акун кан
Алышып катон колу бар
Семетейдин кабарын
Барып балам бил деди
Кечикпей балам кел деди
Баягы кетти ускаида
Чачыкейди карасаң
Эки миздүч кабы бар.

Айта турат кеби бар
Айчүрөктү тим эле чаап кайчу
Шабы бар
Айчүрөктү карасаң
Тизесин жерге бүгүрүп
Басып чокто эңүрүп
Ак чабак болуп жаркылдап
Суу ичинен көрүнүп
Ак куу болуп колбоктоп
Суу жээгинде колдо оттоп
Шумкарын алып кетершин
Калчоро менен Күлчоро
Ээрчитип алып кетейин
Түбүнө сенин жетейин
Ак куу бир кебин кийди эми
Маңдайын эми бас кылып
Кызыл оңуп саз кылып
Ала көл бойлой кеткени
Аны таштап коюңуз
Аңды жүргөн Семетей
Кабарынан болуңуз
Эрте туруп, Семетей
Ит агытып куш салып
Ала көл бойлоп бармакка
Калчоро менен Күлчоро
Жанына жолдош алмакка
Тел кочкорун телчитип
Эки чоро ээрчитип
Аттаныптыр калдай Эр Семе
Чачыкей чыгып артынан
Күлчорону чакырды
Бала чоро кулуктон
Мында турат бир иш деп
Мурункү куну түш көрдүм
Айкайыптуу иш көрдүм
Ак жылан кирип ордого

Ары-бери жайлоду
Оң капшытта ойноду
Бул кандайча иш деди?
Ак балык көрсөң алдырба
Ак куура күчүн салдырба

Ак шумкарын алыптыр
Ала көл бойлоп барыптыр
Кара бир сууну бойлошуп,
Балдар менен ойлошуп
Суу ичинен ак балык
Суудан чыгып жарк этип
Кайра кирип шарп этип
Суу ичинде ак балык
Суу жээгинен көрүнүп
Эр Семетей ошондо
Тайбуурул-аззынбурду эми
Кайра тартып турду эми
Күлчорого кеп айтат
Бала чоро кулуктан
Бул жерде болду бир иш деп
Аттан түшө кал деди
Балыкты кармап ал деди.
Айчүрөктү карасаң
Көңүлү кетип болуптур
Суу ичинен көрүнүп
Анда чоро муну айтат
Балыкты кармап нетебиз
Анда аба деп айтат
Көп кечикпей кетебиз
Болбой жолго салганы

Андан ары барганда
Ак куу бир журот кольбоктоп
Суу жээгинде колдо оттоп
Баягынын коргондо
Ак куура кушту салмакка
Тамаша кылып бармакка
Ак кууну коздой жоноду
Ошол куура бир кушту салмакка
Анда чоро кеп айтат
Эй абаке деп айтат
Куура кушту салбачы
Кушту салып кетебиз
Коп кечигип кетербиз
Бара турган жерлерге
Анан канткип жетербиз.
Семетей турук муну айтат
Эй турокгон жаш бала,
Арак ичпей мас бала.
Шилтеп ийди шумкарын.
Утуро кабак ук ачуу,
Улгуречанын куткарбас,
Ак куура барып чалынды,
Мунун акылы кайдан табылды.
Кармай калып Айкурок
Маңдайынан уч сылап,
Узун боосун кыйды эми,
Кыска боосун кыйды эми.
Шумкарды алып кымыреп,
Жонол калды жымырып.
Канаты менен кар сабап,
Куйругу менен жер сабап.
Кокко айланып барганда
Которулуп алганда,
Коргон Семетей армандa.

Ак куу кетти куркурап,
Ургонуштү көздой звыырап.
Шумкарды ак куу аларбы,
Манастын уулу Семетей
Ак шумкарын алдырып,
Асманды карап каларбы.
Ар муркуту арбытып,
Отуруп калды заңкайып.
Бүткон бою дал болду,
Бул өмүкө бал болду.
Кайта карап бакырды,
Күлчорону чакырды.
Сен бала жана
Ак чабак көрсо алдырбай,
Ак куута кушту салдырбай,
Ой, бала сен
Жалган сөзго барба деп.
Чачыкейдин жанында,
Сен артта калгандыг,
Айтып бергин ошону,
Кандай түрлү кеп айтты?
Ак шумкарды тапкын деп,
Жашырбай айткын чынын деп,
Анысын айтсын сырын деп,
Ачыгын айтып бербесе,
Анда өзүм барамын,
Башын кесип саламын.
Даңгырттарга жарамын.
Деп, ошентип Семетей,
Күлчорону чактырды.
Күлчоро келди күйүгүп,
Чачыкей сен барсызбы?
Ой, сен оаламдан чыккан карсызбы?
Жашырбагын сырыңды айт,
Билер болсоң, чыныңды айт.

Мындайда жорук болорбу,
Шумкарыбыз жоголду
Ажалдан мурун олорсуң,
Жамандыкты коросуң.
Уйдо отурган мен болсом,
Талаада жургон сен болсоң.
Учуп кеткен шумкардын
Кай кеткенин билбейм.
Бул шумкардын кетишин
Калайыктуу эл билет.
Агабыз Бакай шер билет.
Ошону айтып Чачыкей,
Тескери басып кеткени.
Алмамбеттин кулчоро,
Оолукма жинди кул кошо,
Бул элине эткени,
Жооп бербей кеткени.
О туронгон Чачыкей,
Ак чабагың ким эле?
Соз айтпасың тили эле.
Ак куу деген элиңе?
Толгомо саптуу чоң кылычы,
Актыпта барып бир чапты.
Бурдуркон ала койногу.
Тал тамынан болуңуп,
Кара жан козго корунуп,
Эли чоро деп айтам,
Барганыңдан келбегин бала,
Базарлуу жериңди корбогун бала.
Айчурок алып кетти деп,
Айтып калды мындай деп.
Баягыны укканда,
Тай буурул атты булкунтуп,
Айланасын абаке,
8 Ушунтип туркө жетти дейт,

Айчүрөк алып кетти дейт.
Андай болсо, Күлчоро,
Тай буурул арып өлгүчө,
Семетей карып көргүчө,
Кайрылып үйгө баргыча,
Семетей арып калгыча,
Үйүн эле жерден жоноюун.
Эми бала чапкын дейт
Бакайды бала тапкын дейт.
Абам Бакай келсин дейт.
Анықтап айтып берсин дейт.
Алмамбеттин Күлчоро,
Тай буурул менен чуратып,
Чаңды асманга бурatып,
Бакайга келди Күлчоро.
Үкташбай корган туу болду.
Күн эмине иш болду.
Абам Бакай келсин дейт.
Анықтап айтып берсин дейт.
Жол эсебин алсын дейт.
Жолду катка салсын дейт.
Күндү катка салсын дейт.
Күн эсебин алсын дейт.
Былдам Бакай келсин дейт.
Абасы Бакай карыга,
Күлчоро барды жакындап,
Сөзүн айтты кагылдап.
Карысада кан Бакай,
Аксакалы күмүштөй,
Оозунда тиши курүчтөй.
Көк буудан атын минди эми,
Корогоч Бакай, жүрдү эми.
Бакай кирип барганда,

Семетейди сен кара,
Эки колу боорунда,
Эр Бакайдын доорунда.
Семетей түкүп, муну айтат.
Ой, абаке! - деп айтат
Мындай бир көрдүк боларбу ай,
Шумкарды куу айгаңа.
Ой, балам Семетей
Бала да болсоң, арзым бар.
Атакең айкол Манастын,
Айтып кеткен карзы бар.
Ошол ишти айтпаган
Ичиңи толгон дартым бар.
Башынан айтып жүргөн кеби бар.
Үч арал Үргөнүч жери бар.
Ак үрүктан эли бар.
Акун кан деген беги бар.
Башка чукак жери бар.
Ошонун кызы Айчүрөк.
Билгендери айтчу экен,
Перинин кызы Айчүрөк, деп.
Акыры болор дүмөк деп.
Билбегендер айтчу эле,
Акундун кызы Чүрөк деп.
Акырында болор дүмөк деп.
Манас менен Акун кан,
Алышып жүргөн колу бар.
Бирге жүргөн жолу бар.
Бакайдын сөзүн укканда,
Манастын уулу Семетей.
Калчоро менен Күлчоро
Жылкыларды жый, - деди.

Байбиченин баякы,
Кара кашка аргымак,
Каныкейдин тор чунак,
Абыкенин сур телки,
Бакай кандык көк чолок,
Далай буудан аттар бар.
Омон өтип баарысы,
Он төрт күлүк ат болгон.
Бай буурулду минди эми,
Манастан калган ак олпок,
Аны баса кийди эми.
Эми жолго кирди эми.
Ошондо Бакай муну айтат.
Кыбыланы каранып,
Ак сакалын таранып,
Чылбырга колум уч толсун,
Жыргалың мындан күч болсун,
Каздашкан душман түз болсун.
Аллоо акбар деди эми.
Ак батасын берди эми.
Эки камчы шарт уруп
Эр Семетей не туруш.
Эр Бакайдан кат алып,
Таластан чыгып аттанып.
Сай күлүктү кубалап,
Жүрөр жолун кыбалап,
Ат арбай мол жүрдү,
Нечендин көрдү талаадан,
Күндөр өтүп арадан.
Эки чоро зарчытып,
Күүгүм кире, күн бата.
Бир жагында көрүүгө
Барып калды бир жерге,

Бара жаткан кезинде,
Калчоро менен Кулчоро
Көп кызыкка батышкан.
Жолдон аркар атышкан.
Жаңы казан жалп этме
Эт бышырып алышкан.
Тамашага батты эми,
Жигиттерин какты эми,
Эки чоро, эр Семең,
Ал түнү анда жатты эми.
Таң саргарып атканда,
Таразa жылдыз батканда,
Теректин башы дыркырап,
Сары жел жүрүп зыркырап.
Балапан торгой жаныбар,
Сайрап учту чуркурап.
Тоолордун башын карасаң,
Томуктай болуп күн чалып,
Жаныбарлар үн салып,
Оң жагына толгонуп,
Уйкудан Семең ойгонуп.
Кокон алек тон менен
Каркоддой басып жол менен,
Ак тарлоктун белине.
Бир жагында жерүүгө,
Семетей басып келди эми.
Эки чоро, эркеме,
Кермеден атты алышып,
Керүү жерге чалдырып,
Аркандан атты алдырып,
Арүү жерге чалдырып.

Аларды таштап коёңуз,
Азыргы келген Семетей,
Кабарынан болуңуз.
12 Керүүгө келип зайкайын,

Атасындай даңкайып,
Манастан калган чоң дүрбү.
Керемету зор дүрбү.
Дүрбүсүн колго алды эми,
Мына, эми
Үргөнүчтү карап калды эми.
Ар имерип караса,
Айландыра санаса,
Эң адыр, эркин сай,
Элеп жүрсө, малга жай.
Мындай талаа жер көрдү.
Андан ары имерип,
Дүрбүнүн көзүн жиберип,
Асман тиреп даңкайган,
Ала-Тоолуу жер көрдү.
Ар тараптан аркыраган,
Агышы катуу, суу көрдү.
Андан бир бери караса,
Караган шаар, калың бак,
Караолонгон алма шак,
Түнөргөн шаар, түмөн бак,
Дүмпүйүп чыккан алма шак.
Абайлап карап отурса,
Айланасын шаардын,
Ар бир жерден көл көрдү.
Аз гана эмес мол көрдү.
Жергелесе шаардын
Жети курчаган көл көрдү,
Жемишилген мол көрдү.
Шаардын берки бетинде
Үргөнүчтүн аркы четинде
Айчүрөктүн бакчасы
Айчүрөк экен

Ошол кыздын билсең аты.
Бул ааламда жок экен салтанаты,
Ошол кезде карасаң,
Шаардан чыкты бир топ жан.
Манастын уулу Семетей,
Тааный албай калды таң.
Шаардан кирди бойунуп,
Жаркыны кундой корунуп.
Ошол бакчага келди бир топ жан.

Абайлап карап отурса,
Асмандан тутун корунот.
Абайы кончук ак быштан,
Аялдын аты корунот.
Кыргын тутун болунот.
Кыбылап карап отурса,
Кызыл тазыл кучмач гор,
Кыздардын аты корунот.
Ошол кезде карасаң,
Тиги формалуу келинчек,
Төрөкө салган селкинчек
Ошолордун ичинде
Шоодуркаган Айчүрөк.
Айчүрөкко каттамык,
Атасынан бата алып,
Келген кыздар дагы бар.

Аларды таштап коюңуз.
Ашып келген Чыкоого,
Кабарынан болуңуз
Акун канды карасаң,
Жабыгынан кат кетпей,
Эшигинен ат кетпей,
Арадан элчи тыйылбай,

Акун кан коргон кыйындай,
Бересиңби Чуракты?
Бербес болсоң Чуракты,
Корорсуң оор дүмөктү.
Жазга маал болуптур,
Айты буудай чачтырбай,
Абышкасын чычтырбай,
Келинтирин кенен бастырбай,
Келин, кызын чыгарбай,
Мындан кыйын болорбу ай.
Айрык суунун четинде,
Шаардын аркы бетинде,
Калдар кулдун элинде,
Кайырмак салып камнаңдап,
Торун тосуп томпоңдоп,
Бир топ малы бар экен,
Чыкоюсунун аскерин,
Көрбөй калган чагы экен.
Үсөнүсү кагышып,
Оку, бешин карасаң,
Кирик келди жарышып,
Үю менен торпогун.
Айдап чыкты талаага,
Абышка калды балага.
Балыктарын жыйдырып,
Дорбосуна салдырып,
Абышканын башын айра чаап,
Бүткөн боюн кан кылып,
Майгына каны шорголоп,
Абышка келди торгалап.
Айланайын каныбыз,
Талоонго кетти малыбыз.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. №
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Он чакты уюм, бир огуз,
Малым кетти бир талоон.
Аныңызы айтып кетейин,
Он эки чабак, он сазан,
Этим кетти бир казан.
Калдаркулу биййбиз,
Биз деле сиздин эйиңиз.

Аны андай таштайлы,
Баягы калган Семеңден,
Мына ошондон баштайлы.
Ордунан туруп Семетей,
Кулчорону чакырды,
Куулонуп Семең бакырды.
Уккан жерде жугуруп,
Кулчоро келди күпүрүп,
Эрте туруп чакырдың.
Эки колу боорунда,
Семетей анда кеп айтат,
Эй Кулчоро кулунум,
Айткан сөзгө түшүнгүн.
Эртеден бери жер көрдүм,
Аскасы бийик зоо көрдүм.
Асман тиреген тоо көрдүм.
Аягы талаа, чөл экен,
Ар бир жери көл экен,
Ошо аякы жерлерди,
Үч ара Үргөнүч дейт экен.
Карагаы шаар, калың бак,
Каралоонгон алма, шак
Айланасын шаардын,
Курчап турган көл көрдүм.
Аз гана эмес мол көрдүм.

Жергелете шаарды,
Жети курчоо эл көрдүм.
Аны айтып нетейин,
Шаардын берки бетинде,
Үркөнүчтүн аркы четинде,
Шаардан чыкты бир топ жан.
Танный албай калдым так.
Шаардан келда болуну,
Жаркынын күндөй көрүнүп,
Абайлап карап отурсам,
Абайы өчүк, ак бөштан,
Аялдын аты көрүнөт.
Асмандан түтүн болунот,
Кыбалап карап отурсам,
Кырдан да түтүн болунот.
Кызыл, тазыл кучмач зар,
Кыздардын аты көрүнөт.
Алманайын Курчаро,
Айтканымды бил чоро,
Эмесе сен,
„Буурул атты мингин"-дейт.
„Буудун тонду кийгин - дейт.
Бурулбай жолго чыккын-дейт.
Ким экенин билгин дейт.
Темир кийген жоо болсо,
Теминип ксоодон кайтпагын.
Манастын башка айтпагын.
Телегей кийген кыз болсо,
Дегдегени биз болсо,
Баягы Чүрөк кыз болсо,
Ордодо жүргөн кыз болсо,
Кабарын угуп, кайта сал.

Абакеге айта сал.
Ылдам баргын бат келгин.
Ошол кезде Күлчоро,
Он үч, он төрт жашы бар,
Өлүмдөн качпас башы бар.
Миң экен деп, качпаган,
Жүздү көрсө шашпаган.
Алмамбеттин баласы,
Сөзүндө болбойт чаласы.
Ошону айтып салганда,
Көрбөгөн адам армандa.
Барбаймын деп айталбай,
Семетей сөзүн кайтарбай,
Буурул атты минди эми,
Буудуң тонду кийди эми,
Бурулбай жолго кирди эми.
Сарынын кайкы белине,
Сандыргалду эр неме,
Салып бир келди бир жерге.
Ары-бери караса,
Эн адыр, эркин сай,
Болжолу жок боз талаа,
Чык этип керки жибеген,
Чыкжыгын адам шибеген.
Бетеге калың чаңы жок.
Ат жыгылган азы жок.
Же буркусун чийген чийин жок.
Суур казган, ийин жок.
Саздын дөмбүл, башы жок.
Бутка тиер ташы жок.
Ошону көрүп Күлчоро

Оолукма жинди күл кошо.
Астындагы буурулду,
Мактачуу эле тором дейт.
Маанисин сынап көрөм дейт.
Ошону ойлоп Күлчаро,
Алаканы бардекту
Толгомо саптуу чоң камчы,
Томукка толгой бир чапты.
Ошо кезде буурул ат,
Ок жыландай суурулат,
Тоодой болгон буурул ат,
Тоңкочуктоп калганы,
Томонду коздой салганы.
Коло кайлоп алды эми,
Колун жерге салды эми,
Буудагайлап алды эле
Бутун жерге салды эми.
Арбытта басты таманы,
Ала качып жоноду,
Күлчаро сындуу баланы.
Чуудай кулак чунайып,
Көргөн адам кубанып,
Кара кайыш, боз тизгин,
Эки колу карышып,
Учкан куш менен жарышып,
Адем саат болгуча,
Ачып көздү жумгуча,
Кең Үргөнүштүн боюна,
Кирип келди кой кашка.

Аны андай коёлу,
Аркы ойузда Айчурок,
Кабарынан бололу.

Сакчы койгон сары кыз,
Каролчусу кара кыз,
Жарбашында кыбырап,
Сөзүн айтып шыбырап,
Кара кан, кана козу го,
Кан жездемдан өзү го,
Чүрөкө барып айтады,
Тамандары табылдап,
Чүрөккө келди жакындап,
Сөзүн айтты бакылдап.
Экеке Чүрөк сүйүнчү,
Тон отуруз кийинчи,
Душманга болчу күйүнчү,
Баягы көргөн түшүңдү,
Кудай таалаа, кудурет,
Куш келтирди ишиңди,
Кокдосо алдап ишиңда,
Келип калды бир адам,
Семетей деген кишиңби.
Кызыл бир буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн.
Куш мурун кубача,
Минген аты кубача,
Сууга келди бир бала.
Деп, ушунтип айтканы,
Сакчы койдум сары кыз,
Заңкылдабай сөзүң бас,
Какылдаган кара кыз,
Какылдабай сөзүң бас.
Алдыңын кылган иши эмес,
Антип келчү киши эмес,
Жеңил бала ал эмес,
Жетип келчү ал эмес,

Экөө болсо, бириси,
Семетейдин иниси,
Же болбосо, чоросу,
Семетейдей жоросу,
Ошо бала келгендир.
Ошондо сүйлөп күүлөнүп,
Атырылма сүйлөнүп,
Ошо бала келгенде,
Шыбыр-шыбыр кылганың,
Шыңкылдашып күлгөнүң,
Мени шылдың кылганың,
Сөгүнүп болбойт чамасы,
Айкалбектин баласы,
Ал оролкуп келген баланы,
Өзүм бир тосуп сынайын.
Атадан туулуп жаш калган,
Арада калып бош калган,
Теги жайын билейин.
Атырылып сүйлөдү,
Келиндерди кекетип,
Кыздын баарын бекитип,
Жар башына кыйкырган,
Үргөнчүнүн аркы жээгинде,
Жыйылып келип калганы.

Аларды андай коёлу,
Берки өйүздө Күлчоро,
Кабарынан бололу.
Үргөнчүгө келип калалды,
Кантип тоюп алалды.
Ушу бүгүн күнү кечинде,
Күлчоро келген кезинде,
Үргөнчү деген суу болгон,
Үсту кобук, буу болгон,

Тетиги, баланан тоодо карагай,
Башы кийнин карабай,
Карагай менен тал агып,
Кайың менен сал агып,
Үйөр жүрүп болуңуп,
Ал дайранын үстүнөн,
Үзүктөй муздар көрүнүп,
Тоо өркөчтөп болуңуп,
Тоодой муздар көрүнүп,
Аттай кара балыктар,
Суу ичинде чалкылдап,
Ким барсын бука жакындап.
Аны көргөн адамдын
Баш айланып калкылдап.
Ушул быйыл карасаң,
Калаадан чыккан кербендер,
Кечебиз деп келгендер,
Кечелбай жолдо токтолгон.
Кечкен пенде жок болгон.
Аны көрүп алайын,
Суу жээгинде далдайын,
Аркы өйүздө кылкылдап
Кыз, келиндер жылкылдап,
Туркунун көрдү Күлчоро.
Суудан коркуп нетейин,
Шылдың болбой кечейин,
Бу жаныбар Тай буурул,
Талдан алыс чурашып,
Жардын башын урашып,
Сууга түшүү чулп этип,
Кирген жерден жоголду,
Жоголо түшүп оңолду.

Бу жаныбар буурул ат,
Үстүндөгү чоронун,
Заманасы куурулат.
Дарыя кечсе кайыктай,
Дабанды ашса кайыктай,
Бу жаныбар Тай буурул,
Аккан сууну жат алган,
Азиз болгон Тай буурул.
Агынын көздөй маталган,
Ок жыландай октолуп,
Жарга урунуп токтолуп,
Суудан чыкты жылт этип,
Чылчык учса кылт этип.
Басыгына коңгуруп,
Шайбырына доңгуруп,
Болот тагоо, кумуш мык,
Төрт аякта жылт этип,
Казандай зоору каңкайып,
Кемиштүү буурулдун,
Кең соорусу суу чайып,
Кулач куйрук чачайып,
Бугаары тердик, сем желдик,
Буучунан суусу шорголоп,
Тай буурул ат жорголоп.
Камалатка чыгып кулчоро,
Эрди башын жаланып,
Экм жагын каранып,
Кокул чачын тaранып,
Айчүрөктү көрдү эми.
Каранын кызы Калыйман,
Кандын кызы Айымжан.
Бектин кызы Бейшман.

Учону жолдош алыптыр,
Кулчорунун астында,
Жолун торгой барыптыр.
Айчүрөктү карасаң
Кыздардан чыккан кызыл кыз,
Топтон чыккан узун кыз.
Онду кийип солугуп,
Жиңдиче басып соолугуп.
Бешти кийип белсенип,
Периштече теңселип,
Колкормо кундуз кемчет бөрк,
Көк желкеде кыймайып,
Төбөнөн чыкты суйкайып.
Алтындан сойко бир тутам,
Омуроодо шарк этип,
Ачылса бети жарк этип,
Айчүрөк басып келгени.
Сынамак болгон экен деп,
Шылдың болбой кетсем деп,
Айкайбыз кептин калпын биз,
Аманбы жеңе, эми, калкыңыз?
Аты жонуңду билбеймин,
Айчүрөк дебей ким дейин.
Апей, татай эмине,
Сөз айтасың тим эле,
Эсенкандын элинде,
Эмелдинин белинде,
Эмелденген сен кимсиң?
Эркек кара каргадай,
Серендеген сен кимсиң?
Козу кара кочкордой,
Токчоңдогон сен кимсиң?
Эдигиңе мактанып,
Токтонбогон сен кимсиң?

Кайдан келген баласың?
Кайсы жакка барасың?
Желдет келип калбасын,
Азапка сени салбасын.
Нурман келип калбасын,
Бойдо өмүр кылбасын.
Теги кайдан келген баласың?
Кимдин уулу болосуң?
Элиңдеги жакшыңы,
Атам деп атын саткай айт,
Өз атаңды каткай айт.
Баягыны укканда,
Алмамбеттин кулчоро,
Жойлоп чыккан жолборсун.
Жообуңа болбосмун.
Атып шйген бир онмун,
Таштан кайра тартсам оңбосмун.
Мени элсиз киши дейсиңби,
Элимден кайгы жейсиңби,
Калксыз киши дейсиңби,
Калкымдан кайгы жейсиңби.
Түпкү атамды сурасаң,
Түп атабыз Түбой кан.
Түбой кандан Кара кан,
Кара кандан Азиз кан,
Азиз кандан Алмамбет,
Ар бир ишке жараган.
Мусулман динге караган.
Ак болоттун тукуму
Азиз кандын Алмамбет
Мен анынын тукуму.
Ак шумкарды качырып,
Ала колдон учуруп,
Учуп келген баламын.

Акун кандын шаарына,
Жуучу келген баламын.
Кудай берсе Айчурок,
Жеңе кылып аламын.
Тийилбесең Айчурок,
Ач билектен аламын,
Ат жоорууга саламын.
Акыры тубу өзуңду,
Жеңе кылып аламын.
Айчуроктун кашында,
Сөзун айтып какылдап,
Маңдайында шакылдап,
Кыз келиндин баарысы,
Кулчорого жакындап,

Муну мындай коюңуз,
Анги калган Семетей,
Кабарынан болуңуз.
Кайта карап бакырып,
Калчоро деп чакырып.
Семетей унун укканда,
Калчоро келди куйрук,
Этек жеңин турунуп,
Айланайын абаке,
Баягы Кулчороңуз канакей?
Эртең менен сен турдуң,
Торгой менен тең турдуң,
Кун обочо келгиче,
Ачууланып бакырдың,
Кулчорону чакырдың.
Жолуң болгон Семетей,
Жооңу көргөн эмедей,
Кулчороңуз канакей?
Семетей туруп муну айтат.
Эй, Калчоро деп, айтат.
Уктонум деген суу порду,

Үч айрык башы жазылган,
Әр бир жерден кошулган.
Андан ары жагында,
Калдайышп жаткан кара бак,
Каркоолонгон алма шак.
Туноргон шаар, туман бак,
Тумпойуп жаткан алма шак.
Аржагына көз жетпейт.
Айланасын шаардын,
Алты курчап алыптыр,
Жергелеме шаардын,
Жети курчап алыптыр.
Ас кана эмес мал көрдүм,
Камап жаткан кол көрдүм.
Чогулуп жаткан эл көрдүм.
Куралып жаткан, кол көрдүм.
Аны бир айтып нетейин,
Бирден айтып өтөйүн.
Шаардан чыкты бир топ жан,
Таанып албай калган таң,
Бууркул атты минчисип,
Буудун тонду кийгизип,
Курчоорону жибердим.
Темир кийген жоого болсо,
Темиңип жоодон кайтпагын.
Течи Манастан башка айтпагын.
Кабарын угуп, кайта сал,
Ылдам келип, айта сал.
Курчоорону жибердим.
    Эми көрдүм анысын,
Байкап көрдүм таанысам,
Айчүрөктүн өзү экен.
Кара кан гана көзү экен.
Жоо көргөн немезин,
Ата жолун болгон Семетей.

Айчүрөк сенин колуктуң,
Актып жүрсөң Семетей,
Чоң балаага жолуктуң.
Мен уккамын чалыңан,
Уламалуу карыдан.
Алтарыктуу жан деген,
Аның да аяздыгы бар деген.
Ошону айтты Калчаро.
Ал Семетей күүлөнүп,
Ачуусу келип сүйлөнүп,
Айдагын бери атты деп,
Айдап келип аттарын,
Бүлбүлдан бетер окуду.
Абыкенин Суур желки,
Алып келип токуду.
Сай кулукту кубалап,
Саруудан берки керүүдө,
Салып бир кирип келди эми.
Санжыргалуу эр неме,
Эң жалаа түз менен.
Тай буурул жеткен из менен.
Бурун бир кирип келгени,
Ошол күнү кечинде,
Семетей келген кезинде,
Үч ара үргөнүш суу болгон.
Агымы катуу чоң дайра,
Үстү көбүк суу болгон.
Катуу кирип жатыптыр.
Суу четинде карасаң,
Төөдөй балык чалкылдап,
Суу четинде жаркылдап,
Ким барсын буга жакындап.
Ушул быйыл келгендер,

Калаадан чыккан кербендер,
Кечалбай жолу токтолгон.
Кечкен пенде жок болгон.
Манастын уулу Семетей,
Эрди, башын жаланып,
Куу мукуттун тарады.
Үргөнүчтүн ойуз жагында,
Чогулуп жаткан кыз-келин,
Оттоларду карады.
Кыдыраты кырк чатыр,
Кырк чатыры тигилип,
Кыялдары билинип.
Ортосунда ак ордо,
Өөндүгү билинип,
Кыз-келиндин баарысы,
Жаны тынбай жүгүрүп.
Семетейди коргондо,
Кантип кечер экен деп,
Айчүрөк кейди буурулуп.
Аман кечип келишсе,
Кудайымдын жолуна,
Кула бышты бээ айтып,
Аксарбашыл жолуна,
Ача туяк кой айтып,
Баабейдинин бат айтып,
Карап калды жардашып.
Аркы өйүздө Семетей,
Калчаро келип кеп айтат.
О Семетей баатыр,- деп айтат.
Бобу агыны катуу чоң дайра,
Агызбай койбайт Азилди,
Агып олсок дайрадан,
Кашыбызга кабыр коңуч,
Минтип жүрсөк Семетей,

Кажырдын богу болобуз;
Жотого жору конбойбу,
Жорунун богу болбойбу.
Ойуздон Тай буурулду алалы,
Тайыздап кечуу чалалы.
Үчкашсак да жармашып,
Колтук ачып, бел чечип,
Ушун этип, суу кечип,
Аман бир чыгып баралы.
Ошону айтып Калчоро
Суудан коркуп алганы.
Ал Манастын уулу Семетей,
Сай кулукту шудо эле,
Суудан коркуп турбачу,
Суу болгон кийим кургачу.
Кыздарга шылдың болгуча,
Сууну байлап жургуче,
Ошону айтып Семетей,
Талдан алыс чуратып,
Жардын башын уратып,
Сууга кирип кеткени.
Ат соорусун салыптыр,
Агыны менен кошо агып,
Калчоро калды болунуп,
Кара жан козго корунуп,
Аркы ойузду караса,
Кыздардын баары кыкылдап,
Келиндери жыкылдап,
Жар башынан корунуп,
Аларды корун Калчоро,
Сууга кирди чумп этип,
Кирген жерден жоголду.
Мындай кызык боларбу.

Агып барып дайрада,
Семетейден болуңуп,
Тумак болуп жоруңуп,
Аркы ойуздо Кулчоро,
Төмөнкү көздөй салыптыр,
Суудан тосуп калыптыр,
Ач билектен алайын,
Ат соорууга салайын.
Кулчорону көргөндө,
Куйбогон жери күл болуп,
Кол таламыкан бул чоро,
А деги бала кезде жил билген,
Кулач уруп суу билген.
Атты таштап алчайып,
Колтук ачып, кол жайып,
Кулач уруп Калчоро,
Аман чыгып кеткени.
Эрдиги эмей неткени.
Жамандыкка жолобой,
Жалгыздыкка карабай,
Суудан чыгып кеткени.
Ушул бүгүн булардын,
Эрдиги эмей неткени.
Аркы ойузго барганда,
Семетей корук алмака,
Жүрү бери, жүр дешип,
Жакындашып бармака.
Кыз келиндер кыткылдап,
Баары келди шыңкылдап.
Семетей чыгып барганда,
Кулчоро келди касына.

Семетей туруп, муну айтат,
Эй, Күлчоро жаш бала,
Арак ичпей мас бала,
Сен кесепеттүү баласың,
Кечүүнү качан чаласың.
Бок жыттанган дайрадан,
Агып кетсе абаңды,
Кантип кармап аласың?
Жоболоңду баласың,
Жолду качан чаласың.
Жоголуп кетсе тулпарлар
Кайдан бир таап аласың?
Текир урган баласың,
Тезек терген кыздарды,
Тең туш кылып аласың.
Куркак сөздү көп айтып,
Куткурунган баласың,
Куурай терген кыздарды,
Курдаш кылып аласың.
Же тиктирип койгон үйүң жок.
Тостуруп койгон биййң жок.
Ачуумдун кусуп,
Күлчорого сүйлонуп,
Өзөндүү, суулу, кең сайлуу,
Өзүң көргөн жер эмес.
Окумуңду билгендей,
Өзөндүн эми деги эмес.
Адырмактуу, кең сайлуу,
Атабыз көргөн жер эмес,
Акылыңды билгендей,
Аркындын эми деги эмес.

Алтаба алтын сары жез эмес,
Айланайын абаке,
Ушу жолу чарого,
Ачууланчу кез эмес.
Ойноп жүргөн мен эмес,
Оюн менен болгондой,
Бул дагы ойгуттун эми деги эмес.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ар бир түрлүү кеп сүйлөп,
Караньн кызы Калыйман
Кандын бир кызы Айымжан
Урзун кызы Сальйка
Айчүрөктү карасаң,
Ошолордун ичинде.
Кешти кийген белсенип,
Перилерче теңселип,
Онду кийип оолугуп,
Мас болгонсуп соолугуп,
Кыялы бар ошондой.
Алтындан сайко бир тутам,
Омуроодо шарк этип,
Ачылса бети жарк этип.
Тообунан чыгып болуңуп,
Жаркыны күндөй көрүнүп.
Келиндери келишип,
Кол кармашып көрүшүп.
Улгайып калган аялдар,
Кол жетпеген далай бар.
Этегинен өбүшүп,
Ак боз бээсин алдырып,
Аман кечип келди деп,
А кудай деп чалдырып.
Ай Күлчоро күмүс деп,
Болдуго дагы бир иш деп,

Кулус чоро не болду?
Эртеден бери шакылдап,
Кулкуң кайда жоголду?
Кабылан чоро не болду,
Каадаланып каткырган
Сенин каткырганың кайда жоголду?
Каңырай, кызылды кийген тоңорбу,
Кыя тартып, кыл эшип,
Кыз уккшкан оңорбу.
Караны кийген тоңорбу,
Каптаддан чыккан кыл эшип,
Кыз уккшкан болорбу.
Кеңүүгө казан асган күн.
Кербендин жолун тоскон күн,
Жолго казан асган күн.
Жолоочу жолун тозгон күн.
Көп сүйлөшүп нетемин,
Шумкардын берип кетемин.
Ал шумкарды билбейсиң,
Алтындан баргек боосу бар,
Жоголуп кетсе шумкарым
Сен окшогон кыздардын,
Алтымыш кыздын доосу бар.
Жез айнек баргек боосу бар,
Жоголуп кетсе шумкардын,
Сен окшогон кыздардын,
Жетимиштен доосу бар.
Эр Семетей күлөндү,
Так ушунтип сүйлөндү.
Анда Чурок муну айтат,
О Семетей деп айтат,
Эрикпей эрсең кулак сал,
Мен да айтайын кулак сал.
Эр Толтой деген бегим бар,
Чынкопо деген жээним бар,

Шаркыраган көмүрдөй,
Чыңап кайган темирдей,
Айтар сөздү билбесиң,
Сөз ордуна чороңду,
Ачууланып тилдейсиң.
Кеп айтканды билбейсиң,
Кеп ордуна чороңду,
Кемшиткирип тилдейсиң.
Аскалак айтам билип ал,
Анча-мынча кулак сал.
Жеткайда кетип сен калдың,
Жесирден бетер мен калдым.
Ошондон бери Семетей,
Байкабай жаткан сенден би,
Же бай издеген менденби.
Шумкарың алсаң мынакей,
Арык койдун ак чим эт,
Ак жем кылып жедирдим.
Токту койдун томук эт,
Тоонтуна бердирдим.
Кара кандын шаарына,
Качып кеткен сен болдуң,
Кайгыга калган мен болдум.
Темир кандын шаарына,
Тентип кеткен сен болдуң,
Темирген чурок мен болдум.
Кербендерден мен уктум,
Келгендерден кеп уктум,
Он үч, он төрт жашыңда
Сени Таласка келди деп уктум.
Ошондон бери ойлонсом,
Арадан канча жыл өттү.
Ошол кезден ушул кез,
Кайгыда өттү кайран кез.
Сенделе келдиң жыйырма беш,
Менделе келдим жыйырма беш.

Ал андыча болбоду,
Кыз келиндер кыйкырдан,
Жыйналышк келди баарысы,
Жашы менен карысы.
Ак ордого барышып,
Туңүрүп аттан алышып,
Казы кертип, жал чайнап,
Арака кошуп, бал чайкап.
Эки чоро бир Эсме,
Баатыр сынган эр неме.
Аларды андай таштайлы,
Алиги жүргөн,
Чынкожо менен Толтойдун,
Чатагынан баштайлы.
Акун кандын ордого,
Элин жыйып Акун кан,
Казы мыктуу баарысын,
Жыйып алды калтырбай,
Ошолордун ичинде,
Акыл таптуу ыктуулар,
Нарк билген мыктылар,
Жүйрүк чечен тилдуулор,
Өлүмдөн качпас жиндилер,
Ак буудай айдап нан жеген,
Сары дамы балбандар.
Кармаштан жыгып дамайды,
Нечен мөөрөй алгандар.
Устадан чыккан зергери,
Жаспай хаткан мергени,
Ай балта чапчуу ыктуулар,
Кылыч чапчуу мыктылар,
Баарың мында турасың.
Акун кан кебин угарсың.

Ошол элдин ичинде,
Кудурдун уулу Чалыбай,
Түркүнүн уулу Түмөнбай,
Билгичтери ошолор.
Баарыӊарга эп болсо,
Биз билмесен кеп болсо,
Чынкожо, Толтой эки доо,
Өтүп кетти кордугу.
Өзгөчө мунун зордугу.
Акун кан айтат мындай-деп,
Жазга маал болгондо,
Аяты буудай чачтырбай,
Абышканы чычтырбай,
Же эшигимден ат кетпей,
Жабыгыман кат кетпей,
Арадан элчи тыйылбай,
Акун кан- корун жатат кыйындай.
Кызым эле балам дейт,
Кыл кара берсин алам дейт.
Кыл кара берип кыз алып,
Сыйлашууга кандайсыӊ?
Акыры жанга бир өлүм,
Кыйнашууга кандайсыӊ?
Сулуу эле балам дейт,
Сур коён берсеӊ алам дейт,
Сур коёнун бербесе,
Дегеле жанга бир өлүм,
Сулашчу жерге барам дейт.
Түркүнүн уулу Түмөнбай,
Кадырбай келди каяктан,
Анчуроко жакындан,

Айчүрөккө кеп айтат,
Балам, Чүрөк деп айтат.
Таласка балам бардыңбы?
Манастын уулу Семетей
Алардан кабар алдыңбы?
Аман эсен бар бекен,
Же балам, ~~айбанча~~
Айбанча жүргөн жан бекен.
Айтып берчи чындыгы,
Жазгабай айткын сырыңды.
Анда Чүрөк муну айтат,
Барганым жок Таласка,
Эх Түмөнкө, деп айтат.
Кана акыл тапканың.
Мен ордодон чыкпай жаткамын,
Семетейдиң курусун,
Семетейим деп жүрүп,
Каткасын сенин ырысың,
Эх Түмөнкө өзүң бил.
Чынкожо, Толтой кыйын го,
Баягы кепти укканда,
Түркүнүн уулу Түмөнбай,
Түмөндүн уулу Акыбай,
Азырак ойлоп, ниалыды ай.
Түмөнбайды карасаң,
Ачуусу келип Чүрөккө,
Али күнчө Таласка
Не болдуң балам барбайсың.
Аяктан кабар албайсың.
Теги балам Айчүрөк,
Башка жакта жол барбы,

Чынкожо, Толтой жагынан,
Сенде башка ой барбы.
Анда Чубак дагы айтат,
Кыл карасын баш кылып,
Ала беркин алышпады.
Алтын, күмүш көп салып,
Сола беркин салышпады.
Баягыны укканда,
Эр Тумонбай көк жалык,
Көзүнөн чыгып, от жалын,
Ачуусунун келгени,
Чубакты көздөй жүгүрүп,
Ач билектен алганы,
Балам Чубак не дейин.
Калыңсыз эле өзүңдү,
Кармап барып берейин.
Сур эчкин анын жебеймин,
Сени сүйрөтүп алып берейин,
Чубак балам, не дейин.
Анда Чубак дагы айтат,
Кайгыкбагын ага дейт.
Айдай болгон Чубактан,
Алыктуу жилик эт жебей,
Айыпка кармап бергидей,
Айыпкериң бар беле.
Тоодой болгон Чубактан,
Томуктуу жилик эт жебей,
Доого кармап бергидей,
Доогериң бар беле.
Эртеңден калбай барсаңчы,
Эбин таап Түмөнко,
Кыл карасын алсаңчы.
Анан кийин Түмөнко,

Башына кыйын салсаңчы.
Багыштын уулу доо Толтой,
Сур коёнун алсаңчы,
Сулсайтын жолго салсаңчы.
Ошону айтып Айчурок,
Маңдайын ачып жаркылдап,
Жайдары тартып кеп сүйлөйт.
Баатырдын уулу Семетей
Балдарың келген сүйүнчү,
Төк отуруң кишинчи,
Алмамбет, Чубак балдары,
Дагы болсун сүйүнчү,
Душманга болсун күйүнчү.
Огайдон чыккан он төрт ат,
Оштолордун ичинде,
Оркошон күлүк буурул ат,
Булар да келген үйүдо.
Буурул ат жайын мен айтсам,
Кечээ кыраның Манас барында,
Кылымдын баарысын эр Манас,
Билип турган чагында,
Кечээ Темир хандын тоосунда,
Тегеректин оозунда,
Тешиниткен кыз Сайкал,
Тартууга берген Тай буурул,
Жер астына бактырган,
Жетик тулпар ушул деп,
Жезкемпир сынчы жактырган.
Болоттон така кынаган,
Боору жазык, мойну узун,
Боорумду тулпар ушул деп,

Бороон чал сынчы сынаган.
Тай буурул менен он төрт ат,
Калың алсаң Төмөкө,
Ошонун баары келди колуңа.
Төмөнбай менен Кадырбай,
Акун канга айтып сөзүн салганы,
Сөзүн угуп кангандын,
Кыбыланы карапып,
Ак сакалын тарапып,
Жоголгондор табылып,
Өлөр кезде куудурет,
Абийирим миндип жабылып,
Бул турушум бекер деп,
Мунуңузга шукур деп,
Ак боз бэни алдырып,
Алып келип чалдырып.

Аларды таштап коюңуз,
Чынкожо, Толтой эки доо,
Кабарынан болуңуз.
Төмөнбай менен Кадырбай,
Кирип барды аларга,
О Чынкожо бегим дейт,
Мына калоотукка эп келди,
Акун кандан кеп келди.
Сулуу эле балам дейт,
Сур коён берсе алам дейт.
Сур коёнун бербесе,
Суламчу жерге барам дейт.
Кызым эле балам дейт,
Кыл кара берсин алам дейт,

Кыл карасын бербеке,
Кырымчу жерге барам дейт.
Кыл кара берип кыз алып,
Сыйлашууга кандайсың.
Десе жанга бир өлүм,
Кыйнашууга кандайсың.
Чынкожо туруп муну айтат,
Андай болсо куп деди,
Бул сөзүңүз эп деди.
Эо Түмонбай кайнага,
Оттой көзүң жайнаба,
Кыл караны жетелеп,
Кыл карага кошом деп,
Кырк кара ат кошуп байлады.
Кыл каранын көкүлү
Аяктай кебез байлады.
Кырк кара атын айдатып,
Кыдырата байлатып,
Ал аңгыча болбоду.
Жедигердин Толтою
Жер майышкан көп колу.
Чынкожо кебин угуптур,
Уккан жерден бу Толтой,
Сур коёнун чубатып,
Артынан чаңын бурқатып,
Ошондо Толтой кеп айтат.
Эй Чынкожо деп айтат.
Анттуу досум сен элең
Сени арка кылган мен элем.
Мен түндө жатып түш көрдүм,
Ажайыптуу иш көрдүм
Канкыгадай баш көрдүм.
Баштан аккан жаш көрдүм,
Асманда учкан жан көрдүм.

Мен көргөндүн башында
Бай Көкөтөй ашында
Кандар барды мен бардым
Кандар менен тең бардым.
Саамайым бар башымда
Катагандын кан Кошой
Кошой бата берди эле
Кошунуна кошулуп
Ошо турган колуң эл
Кошо бата берди эле
Манастын уулу Семетей,
Батадан бүткөн бала эле,
Азелки артык жан эле,
Атасы Манас шер эле,
Ааламдан чыккан эр эле.
Мен менсинген эрenди
Качырганы камандай,
Илбегени илбирстей,
Тиктегени жолборстой,
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынган,
Ал кара күчү арбайып,
Бүгүн сунса тарбайып,
Ошол баатыр Манастын
Колдогону бар эле.
Колдогону Кожо сан,
Кол бергени ак эшен,
Кожо, кыдыр бала эшен.
Ак эшендер тааныган,
Айкөл Манас баатырды,
Семетей анын баласы,
Анын чурогун кантип аласың.
Минтип жүрсөң Чынкожо,
Чоң балаага каласың,
Акылыңдан шаштагын.
Аксакалдын куйругун,
Акылы жок Чынкожо,
Андай жерди баспагын.

Тилимди алсаң Чынкожо,
Айчүрөктүн кечели,
Аман эсен кетели,
Элге эсен жетели.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Сен жаныңдын,
Тирүүсүнө шүкүр кыл кожо,
Мындан ары баралы,
Оогондун элин табалы,
Шаарына кирип баралы,
Сулуусун тандап алалы,
Айчүрөк алып келдик деп,
Калп айтсак да баралы,
Ал болбосо Чынкожо,
Кызыл баш жүктүн табалы,
Андан таап алалы,
Калп айтсак да калкыңа,
Аман эсен баралы.
Ошону айтып эр Толтой,
Чынкожо карап калганы,
Чынкожо туруп муну айтат,
Сен Жедигердин эр Толтой,
Сен эрден ары кир Толтой.
Багыштын уулу эр Толтой,
Сен баштыка батпас тоо Толтой,
Ишенчерим сен белең,
Ит куш ушундай коркок кем белең.
Антып шертиң мойнуңа,
Кирбечин менин ойнума.
Ал Манастын уулу Семетей
Оогондон чыккан бир жакыр.
Башынан бери ойлочу,
Ойноп жүргөн биз бакыр.
Ал барактан чыккан бир жакыр,
Байыртан бастамып келген биз бакыр.
Анда Толтой муну айтат.

Эки күн мунот алайын,
Жолдун барсын чалайын.
Тай буурул келсе из болот.
Бура тартса жоюлуп,
Келечедей оюлук,
Тай буурул изин чалайын,
Талаанын баарын кыдырып,
Ургонушту байлоп барайын,
Эр Толтой журду жер-кезеп.
Эз Тумонбай кайнага,
Оттой козуң жайнабак.
Кыл кара болсо сеники,
Күчүн сурап турамын.
Качан болсо Тумоко,
Айткан кебиң угармын,
Башы болсо сеники,
Ошол бир эртең меники,
Деп Чыкоосо кеп айтты.
Тумонбай менен Кадырбай,
Атаганат дүнүйө ай,
Оозун жаман кармады,
Аламбай калды армандa.
Аны мындай коюңуз
Алигп келген Семетей
Кабарынан болуңуз
Семетей туруп муну айтат,
О Күлчаро деп айтат
Эр Семетейди карасаң,
Кокон алып тон менен,
Корпсондой басып жол менен,
Акун кандын ак сарай,
Каалгасы сом калай.

Заңгыраган чоң сарай,
Аны көрүп бир далай,
Андан бери келгени,
Ат байлаган чоң сарай,
Аттарын карап бир далай.
Кулчорого келгени.
Айланайын Кулчоро,
Айтканыңды бил чоро,
Жата бериш болбойт ко.
Тай буурулду минсеңчи,
Ак олпок тонду кийсеңчи,
Толтойдун жайын билсеңчи,
Жедигердин Толтою,
Адагы ашкан шум деген,
Жүрө турган жерине,
Тузак бир салып, тор жайып,
Амал кылып турбосун.
Андай ишти байкагын,
Атадан калган чоң дүрбү,
Дүрбүнү колго алсаңчы,
Буларга байкоо салсаңчы.
Ошону айтып калганда,
Алмамбеттин Кулчоро
Оолукма жинди кул коно,
Миңди көрсө шашпаган,
Жүздү көрсө качпаган,
Кулчоро келип куп деди,
Айткан сөздү оп деди.
Абаке мунун жакшы кеп деди.
Ошону айтып Кулчоро
Тай буурул атты токуду,
Булбул болуп окуду.

Кылычын кыя байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Колмокойду сыр найза,
Колдото чаптырган.
Учуна болот каптырган.
Кармап журсо жыргаган,
Чийип кетсе ырбаган,
Сыр найза колго алды эми.
Ак олпок тонду кийди эми,
Аралап жаго кирди эми.
Ошол куну кечинде,
Кечки бир сайкын бешимде,
Боксонун жолун чалыктыр,
Жол, жолдун баарын чалды эми,
Чынкожо, Толтай аскерин,
Жолун бир тосуп бирды эми.
Нечен бир жерди корду эми,
Ургонуштун берки четинде,
Токою бар, тылы бар,
Туркуу жыгач баары бар.
Карагай, четин дагы бар.
Ургонуш жагы жээгинде,
Кербендер жургон жолу бар.
Кербелсичен Кулчоро,
Нечен бир туркун оо бар.
Курулм кирип, кун батып,
Тун боюнча жергезет,
Таңга бир жакын калганда,
Ар жагында ак терек,
Тай буурул байлап салатын,
Чырым бир уйку салатын.

Тай буурулдун жанында,
Айбалта колго алды эми,
Чекеге таяп Кулчоро,
Козу уйкуга барганда,
Жедигердин Толтою,
Долой жерди кыдырып,
Кербен жолго келиптир.
Үргөнүштүн ары четинде,
Токою калың тал экен,
Булактын баарын коршоко,
Эр Толтой келип калыптыр.
Эр Толтойду карасаң,
Сур коён тулпар миниптир,
Копкок темир киииптир.
Кыдырып чыккан Толтойду,
Тай буурул тулпар билиптир.
Октосу бекем Тай буурул,
Курандынын терисин,
Чылбыр кылып туйуптур,
Узун алып чылбырын,
Ал курандынын терисин,
Узалбай моңкуп туруптур.
Тай буурул турат жер чапчып,
Ошондо аран туюптур.
Шашып-бушуп Кулчоро,
Чоболоңун чак тартып,
Басмайылын бек тартып,
Тай буурулду жетелеп,
Кербен жолду тотолоп,
О жаныбар Тай буурул
Эминени көрдү экен,
Байкап карап турду эле.

Кербен жолду бойлоптур.
Таң саргарып атканда,
Таразга жылдыз батканда,
Сур коёну ойнактоп,
Чыга түшүп шамаага,
Тоодой Толтой зоңконуп,
Сур коён минип болконуп.
Кетип барат жол менен.
Баягыны коргондо,
О баатыр сынган Кулчоро,
Ажалым жетсе олормун
Бир качырып коротун.
Тай буурул менен дыр коюп,
Капталдан чыкты чу коюп,
Баабейдин деп бакырып,
Манас деп ураан чакырды.
Атабыз Манас шер деди,
Колдой бир коргун эр деди.
Манас деген ураанды,
Уккан жерден эр Толтой,
Боконо жери болк этти.
Бүткөн бою солк этти.
Сур коёнго камчы уруу,
Кадемим эми каткандбы,
Кабылан жолдо жаткандбы,
Жолум бир миншип каткандбы,
Жолборсум мында жаткандбы,
Эр Кулчоро бууданы,
Азыр карап турбады.
Буурулга камчы урганы.
Эр Толтойдун Сур коён,
Качып барат закымдап.

Кулчоро жетти закымдап,
Алтын кемер чети деп,
Ай-далынын бети деп,
Эр Толтойду карасаң,
Кайра тартып карабай,
Бет тоштурго жарабай,
Качып барат карабай,
Эй Кулчоро ошондо,
Зоот темир кийчени,
Кыйшыбени аралап,
Найзасы тийди жаралап,
Кош колдоп чоро сайганы,
Тизгини түрүп калганы.
Анык буудан тай буурул,
Тизгинге буту чалынып,
Үч оролуп калганы.
Тай буурул кетти коердалып,
Ыргып туруп ордунан,
Эр Кулчоро ошондо,
Ачуусу келип сурданып,
Тай буурулга минди эми,
Эр Толтойдун артынан,
Дагы эле жолго кирди эми.
Караңгыда бул Толтой,
Кайгеткени билинбей,
Караса көзгө илинбей,
Ачык күнү тутулуп,
Эр Толтой кетти кутулуп.
Шакшай калып армандо,
Баатыр сынган Кулчоро.
Оозун жаман кармандо,
Үстүндөгү ак олпок,
Найза тийген тешик жок,
Качкан жоону куткарган,

Кулчоро менде кечик жок.
Толтой менен сайышып,
Атсам кайдан шиенет.
Шыгайдын уулу Чыккожо,
Бул шашпаган тык кожо,
Ийилбей туруп сын кожо,
Тикурго шукур кыл кожо,
Манастын уулу Семетей
Түндө барып жолуктум.
Колунан кирип тутулуп
Каламбы деп алактап,
Араң качып кутулдум.
Кабыргамдын баары ооруйт,
Эр Толтойдон ал кетип,
Мурдунан шуурун кан кетип,
Тай буурул атты минип тур,
Манастай болгон каркы бар.
Тоодой болуп көрүндү.
Көргөн жерде мен куркур,
Көзүмдөн жашы төгүлдү.
Ишенбесең мынакей,
Кый субону жаралап,
Найза кирди аралап.
Дарысын жаап жарага,
Анчалык эмес жара деп,
Жараткан жакшы даба деп,
Кычбы менен дарылап,
Эр Толтой жүрдү таңуулап.
Сен кармашкан эр Толтой,
Семетей эмес чоросу.
Семетей сайса соо кылбас,
Башкача анын жоросу
Семетей жайын билбейсиң,
Качан болсо сен Толтой,

Кобуроок калкты сүйлөйсүң.
Тилимди алсаң Чыйкочо,
Эми да болсо кетели көчө,
Эрке кыздан кечели көчө,
Эртелеп элге жетели көчө,
Мурдунан шуршук как кетип,
Эр Толтойдон ал кетип,
Кармаша турган куруу жок көчө,
Кайрылып кирер алым жок көчөм.
Ушундай коркок кем белең Толтой,
Анты шерттиң мойнуңа Толтой,
Кирбечин менин ойнума Толтой.
Кокуй Толтой оло кет,
Коңшунуңду боло кет.
Азаттуу Толтой оло кет,
Айыңды менден боло кет.
Коён журок коркогум,
Кокуй Толтой торпогум.
Ошону айтып Чыйкочо,
Чыңдоолду чыңдап алмакка,
Чыңдап укуш салмакка
Семетейге Чыйкочо,
Жекеме жеке бармакка.
Ал Семетей жакырга,
Жекеме жеке сойбосом.
Каракталатып Семетей,
Эки көзүн ойбосом.
Тикечинин сыр чеккен,
Ыргап кийип алды эми,
Шыгайдан калган таксыык
Сындап кийип, алды эми.
Бул Чыйкочо бадирек
Аның да
Аткана мылтык, замбирек.

Айткан менен шиенбес
Боз ала чаң болуп
Күлчоро барды таң болуп
Күлчоро туруп муну айтат
Ээ абаке деп айтат
Үстүмдөгү кийгеним
Айтылуу соот ак олпок
Найза тийген тешик жок
Качкан жоону куткарган
Күлчоро менде кемшик жок
Үргөнчтүн берки оюнда
Кербен жолдун боюнда
Ачык күнү түтүшүп
Эр Толтой кетти кутулуп
Айтып созун калганы
Эр Семетей көк жалың
Чоронун сөзүн укканда
Көзүнөн чыгып от жалын
Эми карап турбагын
Жоо жарагын байланып
Атка минип алышты
Кербен жолго салышты
Катуу жүрүп калышты
Шаарга жакын жолотпой.
Калдайып жаткан элдерин
Миңин бирден болойун
Кытындысын коройун
Ылаачындай тийбесем
Манастан туубай олойун

Кайдан башын алайын
Коондой жарып салайын
Оцону айтып Семетей
Коргуло чыкты талаадан
Аны мындай коюңуз
Анигe жургон Чынкожо
Мунун да кабарынан болуңуз
Чалабын жаңы байланып
Кармашууга шайланып
Доотудон алган кара аты
Уча келе канаты
Кара атын минип калдайып
Конгунду кожо даадайып
Адаы корун алганы
Семетейге таң калып
Айран болуп калганы
Байкап турду далайга
Сынап кожо байкады
Башын катуу чайкады
Сайышкан менен буга деп
Оодарылчу Эр эмес
Омурулчу бел эмес
Жаным барган олот деп
Жамандыкты корот деп
Астындагы кара аты
Кыла жургон адаты
Кунду жайлап бергени
Куроктой булут айланды
Кундун козун байлады
Аяктай булут айланда
Айдын козун байлады
Ачып козду жумгуча
Айрылгы бир канча

Кара булут калдайып
Караңгылык салганы
Аркы жерки буурканак
Ажыдаар жалмагыр тогулуп
Баягы жүргөн үч баатыр
Бирин - бири көрө албай
Кара жан көзгө көрүнүп
Ат колтукка тал кар болуп
Кыян жүрүп, жер баткак
А тыгылып аңгекке
Караса көзгө илинбей
Шыгайдын уулу Чынкожо
Кай кеткени билинбей
Жалыгырга колуп жаа тартып,
Мөндүргө колуп ок атып
Аткылап жүрөт тарс этип
Эки чоро эр Семең
Баткакка атар батышып
А күнү кечке атышып
Түн экени билинбей
Күнсөрдөн дары кубулуп
Баатырлар жандан түңүлүп
Бир атууга дары жок
Бит сыгарга каруу жок
Бир сындырым наны жок
Эр Семетей кеп айтат
Эки чоро деп айтат
Атка миник сай байлоп
Сайроо жерге баралы
Азуунга балдар ат
Тайбуурулду жетелеп
Тайбуурул тартуу кылалы
Айчүрөктөн кечелм
Аман эле жетелм
Семетей мындай дегенде

... литературы и истории ... АН СССР ... Инв. № ...

Семетей кебин ушканда
Күлчоро туруп муңдайтат
Ой абаке деп айтат
Тайбуурулун тартуу бергенче
Көп эле болсо өлөрбүз
Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетебиз
Тайбуурулдан айрылып
Уялбай калтып кетебиз
Өзүнү айтып Күлчоро
Ыйланатып абаке
Өлүп калса мен чоро
Кой териси эмеспи
Тирүү жүрсө Күлчоро
Жоо борусу эмеспи
Кереге таштын боюнда
Алмамбеттин Күлчоро
Ар нерсе кирип оюна
Ак өлпөктү бер деди
Айла кылып көрөйүн
Анан кийин өлөйүн
Ак өлпөктү жамынып
Эми чыкты сабылып
Алыстап чоро баргансы
Алма бали мыштык бир абып
Асманды байкап калганы
Бийакта жүргөн экен деп
Чынкожо келип калганы
Чынкожо келип атканда
Ок тийгендей сыяктуу
Жыгылып чоро калганы
Ак өлпөктү жамынып
Алма бали мыштык койнунда
Ар-неме көп оюнда
Ал Чынкожо келгени
Жебенин огу зыркырап

Жаанын огу зыркырап
Тындырбай атып жүрдү эле
Былк этпей жатты Кырчоро
Насы азыз Алмамбет
Алмамбетке сыйнынып
Козунун жамык тыйыйынын
Колдой коргун арбак деп
Колдой коргун бүгүн деп
Бүгүндөн кийин тоиук деп
Чыкчыжо килди жакындап
Кара ат менен заксыңдап
Бу жүргүнүн бекер
Семетей ушул экен деп
Семетей олду бекен деп
Жакындап келип бир атып
Ак олпоктон шыкаалап
Байкап көрө салганы
Астындагы кара аты
Дырылдаган канаты
Өткө боордун түгүү деп
Олор жери ушу деп
Алма баш мылтык бир атты
Артыкан путун булатты
Кар жилигин сый атты
Жерге түштү кара аты
Жоголду мунун адаты
Алеи заат болуга
Ачын көздү жумуга
Өлдөйтадан ыркырап
Сары жел жүрдү зыркырап
Булуттун баары буркурап
Күн ачылып калганы
Теректин башы дыркырап

Болотпон торгой чуркурап
Семетей менен Канчоро
Кекиртеги созулуп
Экоо кимин кошулуп
Атанайын Канчоро
Алтындан жаалы бурачы
Азабыңда мен таштпай
Күчүгүм астыңа кетсин ураады.
Чынкожонун кордугу
Өттү жаман зордугу
Канын суудай чачпасам
Буурук каным ачпасам
Манастан туубай өлөйүн
Ээ Канчоро түйгүнүм
Алып келчи буурулду
Буудуң тонду кийди эми
Канчоро барып жүгүрүп
Атты алып күйгүп
Семетейге бергени
Агуусунун келгени
Алтын тамаң үзөңгү
Тепкей ыргып мингени
Манастан калган сыр найза
Колдото чактырган
Учуна болот каktырган
Душманды поздой бактырган
Кармаган киши жыргаган
Чийин кетсе ырбаган
Чынкожону карасаң
Кайрылып элге баралбай
Аскерине карабай
Качышты коркоң копунду

Манастын уулу Семетей
Таласка чыгып барганы
Көрбөгөн адам арманда
Эки жагын караныз
Эрди башын жаманын
Кыраңга чыга калды эми
Ары бери караса
Кай кеткени билинбей
Караса көзгө илинбей
Манастан калган чоң дүрбү
Керкелуу зор дүрбү
Мылтык атчу эмедей
Манастын уулу Семетей
Шыкаалап дүрбү салганы
Ары бери караса
Айландыра санаса
Чыккожону көрдү эми
Атаңа наалат ит кожо
Тынч жаткан элде тынч койбой
Атаңдын көру караакчы
Кылган ишин караачы
Тайбуурулу аман тургандa
Сага кантип жетпейин
Омону атын Семетей
Толгомо сантуу чоң камчы
Тайбуурулду бир чапты
Чапкан жерде буурул ат
Чаткаяктан дуурул ат
Дарыя кечсе кайыктай
Дабаанда ашса кайыктай
Арышын керип чуруды
Артынан чаңын бурады

Алим заат болгуча
Ачып көздү жумгуча
Корунө туашту баягы
Чынкожонун караны
Ал кожону көргөндө
Кыйкырыкты салганы
Ачыңдын башин бура тур
Алдыңкы жерге тура тур
Чынкожону карасаң
Кайрылып артын карабай
Качты кожо жакылдап
Эр Семетей көк жалың
Көзүнөн чыгып от жалын
Жеткен жен Семетей
Айдалып бети деп
Эми ажалы жетти деп
Көмөрдөн ойдо четти деп
Тайбуурулдун күү менен
Найза менен этти эми
Бир сайгандан чыгарбай
Коно коюп кетти эми
Кылкарадан кулады
Кыйшайып жерге сулады
Убайдың сенин өзүңө
Кара кан чайга көзүңө
Чала болду кулга деп
Жатар жериң жыгла деп
Чынкожонун кара аты
Мүнүсүн коштой кетсин деп
Чылбырын тиштеп алыптыр
Башын жерге салыптыр
Аябай качып алыптыр
Аны көрүп Семетей
Ат ал тайга калыптыр
Кылкара кетти күтүлүп

Аны таштап коюңуз
Акундун кыз Айчүрөк
Кабарынан болуңуз
Жалбечей торко кийиптир
Жибеген жорго миниптир
Эр Толтойдун эмне
Жандай салып келиптир
Эр Толтойду карасаң
Акылынан шашыптыр
Адагы качып калыптыр
Эр Толтойду көргөндө
Айчүрөк туруп муну айтат
Кармаган капыл сен болдуң
Талаага калган мен болдум
Арты кийнин карабай
Кармашууга жарабай
Качып жүргөнсөн болдуң
Таштаба мени ала кет
Канжыгага чала кет
Ошону айтып атып Айчүрөк
Каптер жеп дегени
Оло кетти учканда
Эр Толтой колду ойлонуп
Ал Манастын уулуна
Бир беттешип көрөйүн
Андан кийин өлөйүн
Ошону ойлоп эр Толтой
Элинен чыгып бошунуп
Үйдөй болуп корунуп
Найзасы колдо коротон
Сур коён менен сорокто
Элден алыс болунуп
Караачы үйдөй корунуп

Аны көрдү Семетей
Эр Толтой кыкты бакыкырып
Жедигер уран чакырып
Эр Семетей көк жалың
Козупон чыгып от жалын
Манастан уран чакырып
Семетейди карасаң
Ирмешти илбирстей
Тиктегени жолборстой
Качырганы камандай
Билеги күчтүү балбан күч
Манастан таалими алгандай
Кирпик ирмей, көз жумбай
Толого санту чоң калмак
Тайбуурул сыңдуу тулпарга
Томукка орой бир чапты
Алдыңкы эден калды деп
Ай балкасын болду деп
Как жүрөктүн тушу деп
Олор жери ушу деп
Найза менен эткени
Бир саптандан чыгарбай
Тоодой болгон Толтойду
Аттара каап өткөнү
Толтой жатты сулады
Сур коёндон кулады
Чала болот кулга деп
Жатар жериң жылга деп
Чылбырын сүйрөп сур коён
Ойноктоп тулпар калганы
Ал акгыча Семетей
Сур коён кошто калганы
Кайрылып артын карабай
Эми жолго салганы
Калгоро менен Кулгоро

Булар кайда болду деп
Семетей карап барганы
Эки чоро эр неме
Экөө тең келет жугуруп
Семетей көрүп сүйүнүп
Калчоро туруп муну айтат
Соогат торо деп айтат
Сумсайган сулуу сенеки торум
Сур коён кулук менеки торум
Соогат, Соогат
Айтылуу Чүрөк сеники торум
Ак коён тулпар меники торум
Соогат, Соогат.
Семетей туруп муну айтат
Бирин айтсам бирин бар
Бир кишилик алыш бар
Кимиң алсаң алың ал
Чылбырды орой кутты
Күлчоро колунда
Сур коён болду меники
Жетелеп алып жугурду
Калчоро колдо долдайбы
Долойго турду толдойбы
Уюу элем мен деди
Уят кылдың сен деди
Күлүндү бирге кумиттук
Бир тууганды туушток
Кай жерден көңүл сууштук
Чалынтдас бирге чалыштык
Качан көңүл калыштык
Ишибиз болсун оң деди
Качан болсо келер деп
Мага долу жолдоди
Жоо душманы башында

Жолдун баары ачылды
Кесептүүлөр басылды
Кербендин жолу ачылды
Тажысын кийип Акун кан
Эки жагын карады
Сакалдарын тарады
Ак боз бээ алдырып
Аруу жерге чалдырып
Айгүлөк келген үчүнө
Атасынын төрүндө
Ар нерсе бар көөнүндө
Калктын баарын карасаң
Аштыгын айдап мал багып
Тынчтык багып жайланды
Үргөн деген жери бар
Жүрдөн жүргөн эли бар
Жери талаа малга жай
Жардысынан байы көп
Жармасынан чайы көп
Күрүчүн күздүк айдаган
Күрмөнкө атты байлаган
Арпасын жазда айдаган
Арпага атын байлаган
Акун кандай карыя
Сөзүн айтып жарыя
Жигиттер эми кел деди
Той беремин мен деди
Жигиттер атка минишле
Экиден жолго киришле
Канча уруу эл болсо
Калмурбай кабар беришле
Айгүлөктүн тоюу деп
Алты күн болот оюн деп
Төрт күн болот тоюу деп
Үчү жашка келгени

Ичим күйүп чок болгон
Той бериши менде жок болгон
Өзүбүздүн элден дейт
Тоодо жүргөн мерген дейт
Ак сакалдуу карысы
Кабар ужтай калбасын
Олжолордун баарысы
Тоодо жылкы аралаш
Тобурдагы аралаш
Алты айдан ашкансын
Аттарын айдап келсин деп
Үйүгө да кабар бериле
Шаа мүйүздүү өгүздөн
Болуп айдап келсин деп
Чар иринки болуп
Чаңдатып айдап келиле
Акун кан түнүп мүңү айтат
Айчүрөк балам деп айтат
Оо балам деп айтат
Сенден башка бала жок
Ичимден ойлоп келжемин
Ушу жашка чыкканча
Ушу той деп бербедим
Кабар кылгу жер болсо
Айчүрөк балам өзүң бил
Сапаасы буузду дүшмандын
Байна балам козуцо ил
Дини бурму капырга
Түкту кабар бербесин
Багдад жакты элден дейт
Кайынгал деген мерген дейт
Өзу уста зергер дейт
Жалгыз кызы бар экен
Адамы мага айлоочон
Балага гу как жан экен

Кызынын аты Кыялы
Балбандыгы бир канча
Баатырлыгы ар канча
Кой ичинде эркеси
Калыңчалдын эркеси
Айткан кабар айтып кой
Кечээ куу казыктын боюнда
Кумдан тапкан кумайын
Карын тагып мойнуна
Корыганда өлдү эле
Карысы үйдө калды эле
Келип калса Кыялы
Карыны балам бер деди
Тойго келип тойлоеди
Тойлугун алып Кыялы
Ар качан аны ойлосун
Ошону айтып Акун кан
Бүркүттү тутунду
Элинин баары күтүндү
Ак дободой эт кылып
Элин жыйнап той кылып
Той баштапып калганда
Булар келди бир катар
Эки жагын карашып
Сакалдарын тарашып
Карысы келди бир катар
Азоолорун үйрөтүп
Куурун сүйрөтүп
Жылас болсун жылкысы
Качып келсин уйкусу
Бүгүн чурок тоюу деп
Элдин баары бу күндө
Башкага келбейт ою деп
Койчулар келди короктоп
Таягын бар сороктоп
Корум болсун коноу деп

Бүгүн чурок тогу деп
Калайыктын баарысы
Башкага кибейт оюу деп
Алыстан келди талапкер
Ат чабуучу саяпкер
Атым чыкса алам деп
Чыкпаса мейли чабам деп
Көп болсо куру калам деп
Балбандар келди балбандап
Балалыгы далдаңдап
Жыксам моорат алам деп
Жыгылсам куру калам деп
Жарактарын шайланып
Жамбы аттырса барам деп
Атылбаса мейли деп
Тарк этиксип калам деп
Алты күн той болду.
Астынан аяк үзүлбөй
Ачылашы мол болду
Астынан табак үзүлбөй
Казы менен жал чайнап,
Кемпирлери бир катар
Кетмендей куйрук чайнашып
Жей албаган эттерин
Май баштыкка салышып
Буула кылып алышып,
Бир кызыкка калышып
Малчысы келди бир катар
Коюм калды бир талаада
Жылкычы келди бир катар
Бору келип болбосун
Койчу менен жылкычы
Мооқуу миңип калышты
Майга тоюп алышты

Артты жылбай эттери
Май баштыкка салыпты
Канжыгага каптырды
Атка минип алышып
Малын коздой жарышып
Куялыдай баатырга
Кабар угуп баатыр кыз
Ошо толгокелиптир
Алкым жолго салыптыр
Үч арал башы, кербен жол
Кечүүгө жакын калыптыр
Мылтык атуу мергени
Кырк эчүүгө эрлери
Ушундай эки келгени
Ошол элдин ичинде
Эргип жүргөн тайы бар
Тайдын жайын айталы
Айта түшүп кайталы
Ал Куялыдай баатырдын
Чоочуккон кечен чолдордун
Бөтөн-бөтөн колдордун
Көрүп жүргөн жан экен
Келе жатса Куялы
Эрбең-сербең көрүнүп
Жейрен сындуу болунуп
Абайлап карап байкаса
Кулун сындуу көрүнүп
Жетип келди Куялы
Качайын деген оюу жок
Секирип ойноп жүрүптүр
Кулун да болсо айбы жок
Тегерете из салса
Туугам бээнин дайны жок

Маңдайында кашкага
Жылкыдан тургу башкача
Ороп алды жуушактап
Өз алдына оңордү
Эки жакка кайрылбай
Үйүн көздөй жөнөдү.
Кайыптан тапты күлүк деп
Тулпар болот мүнүш деп
Кызыр бейни саадырып
Кому менен сүт берип
Багып алды Куяпы
Кайыбынан табылган
Бүйрүк болду бу дагы
Ошо күнүн жайнбор
Кошо келди бу дагы
Караланын башында
Буудайткаган чаң чыгат
Кадырбай туруп мунуайтат
Жигиттер эми баргыла
Жолун тосуп калгыла
Жапын кирип келгенде
Аттан түшө калгыла
Жигиттер кетти жарышып
Үзөнгүсү кагышып
Жол боюнда туруушту
Ал аңгыча Куяпы
Келип калды бу дагы
Корбосок да билдик деп
Учурашып калганы
Алты жигит жарышып
Атына чыгып калганы
Чүрөккө кабар салганы

Айчүректү көрөсөң
Кырк жүргө кыз кимин
Аттарын алып калганы
Куялыдай баатыр кыз
Жанына барып басыңыз
Баарыбыздын атабыз
Атабызга баралы
Анан үйгө кирели
Ошону Айтты баатыр кыз
Куяльны көргөндөр
Маңдайы ачык кашкача
Мүнөзү калктан башкача
Узун бойлуу кыз дагы
Алп мүчөсү бар экен
Адамдан артык жан экен
Кандай жан болду экинде
Кылычы жүрөт белинде
Үрөгтүн эшигин тардагын
Карап калды таң калып
Акун кандай карыя
Алды кумшак такбада
Отурган экен бакгада
Таажысы бар башында
Ак сакалын тарашып
Эки жагын каранып
Амандашып бүгүлүп
Таазим кылып жүгүнүп
Баатыр кыз Куялы
Учурашып алганы
Кайра басып калганы
Жасалгалуу ак ордо
Топ-топ болгон кыз кимин
Ал аңгыча Айчүрөк

Кулынын астынан
Жолун тосуп жеткени
Бешин ийин бугулду
Кулендай баатырга
Астынан чыгып жугунду
Колун сунуп Айчурок
Учурашып калганы
Кулындай баатырдын
Жалгыз колу кош колдой
Чыналагы ортондой
Алп мучосу бар экен
Акундун кызы Айчурок
Бешти кийип белсенип
Пери кызындай теңселип
Камкоршо кундуз, келечет борк
Кок желекде кыйшайып
Кошо басты суйкайып
Алтындан сойко бир тутам
Омуроодо шарк этип
Ак ордонун эшигин
Ача салды жарк этип
Кулындай баатыр кыз
Ак ордону карасаң
Асем менен коктогон
Алтын, кумуш борктолгон,
Жалтырайт экен ар жерден.
Баса турган жерине
Кызылдан килем жайылган
Отура турган жерине
Олпок мамык салынган
Жолдошторy Кулны
Алыс жерден келгендер

Жасоол атчу мергендер
Ак ордонун ичинде
Мылтык кылыч илинип
Бир тарапка жыйылып
Эки жигит болуучун
Мылтыктары колунда
Өзү басчу жолунда
Билбеген адам көп болот
Таманадары тартылдан
Ачыкка тайган кайран эр
Бирин-бири баркылдан
Баскын ылдам жүр деди
Билектен алып сүйрөшүп
Ордонун түшүнөн
Өтмөк болду кулдошуп
Түжүр болгон эки адам
Мылтык алып кайрына
Тосуп калды түжүрлар
Баса турган жолуна
Эки жигит кеп айтат
Кайра тарткын деп айтат
Кайра тартып калганы
Башка жолго салганы
Ак ордонун ичинде
Балбан кыз баштап Кулялы
Далайдыр көргөн бу дагы
Кыз келиндин ичинен
Тандалып кирип он чакты
Дасторкону жайылды
Самоордон чайы куйулду
Шыңылдата сунулду.

Таруудан салган ачкылаш
Бу да шыпылдата сүзүлдү.
Балга кошуп май койду
Түрүкелүү ак табак
Чо салып баарына
Казы менен жал койду
Тикесинен турушту
Тындырбай сунуп кунушту
Шаардын арык четинде
Керилген талаа бетинде
Аты чыгып келгендир
Ак баш тоо алган бар
Бир жамбысы дагы бар.
Минтип жүргөн элдер бар
Ат чабышка баргам деп
Кошмок кайдан алган бар
Аты чыккан эрлерге
Чыкса дагы чыкпаса
Атын жүрбөй калганын
Алып кеткен бир бээден
Чыкпаса да ат алып
Куру калган жок байгеден
Эл жыйылып караса
Мына кызык тамаша
Эртеси күрү бешимде
Баран мылтык барсылдап
Тайсе дагы тийбесе
Атып отот тарсылдап
Как ушундай тамаша
Болуп жаткан түрбайбы
Урушка жарама

Анн таштап коюңуз
Азыгы жаткан Куялы
Кабарынан болуңуз
Жаткан экен жайланып
Жай баракат чайланып
Сыбын коруп конушуп
Эки күн анда болушуп,
Айчүрөктү кел деди
Куялы айтып саманда
Айчүрөк келип калганда
Он чакты кыз жанында
Айчүрөккө кеп айтат
Эми сиздин деп айтат
Куттуу болсун тоюңуз
Куттаарек болсун оюңуз
Эртең үйгө кетейин
Эртеликте жетейин
Кандын кызы Айчүрөк
Так өзүңө арнап
Алып келдим бир тайды
Ушу турган мен өзүм
Сарыл болгон бир тайга
Мунун баасы миң жылкы
Эми чүрөк таарынба
Тулпар издеп зарылба
Баягы уккандо
Туура калын бергенди
Бүгүлүп түрүн жүгүндү
Баатыр кызга жүгүндү
Каргысын алып калышып
Айчүрөк келди сабылып
Баллык жамбы баш кылып

Тойлук болсун эже деп
Элүү жамбы берилтир
Ага кошуп Айчүрөк
Алтын жака, кауhар таш
Азем менен тиктирген
Сыйнат кылып эже деп
Асыл кийим кийгизди
Кандын кызы Айчүрөк
Артыктыгын билгизди
Шаардан арык четинде
Тамашага баткан бар
Жамбы атып жаткан бар
Куялы муну укканда
Куялы туруп муну айтат
Атапалы деп айтат
Ошо калың элдерге
Жамбы аткан жерлерге
Биз да бара кетели
Ошону айтып Куялы
Жоо жарагын шайланып
Кылычтарын байланып
Мылтыктарын асынып
Айчүрөк минди боз жорго
Он чакты кызды кошуп алып
Чыгып келди оң жолго
Калың эли как жарып.
Калың элди карасаң
Баары калды таң калып
Куялынын жанында
Кошо келген мергени
Катар туруп жамбыга
Элүү мерген бир-бирден
Атышка чыгып бир мерген

Өзү уста зергерден
Атын атту ал мерген
Барап мылтык тарс этип
Жамбысын кетти жалп этип
Дагы Жамбы байлашып
Жана бирөө жеткенде
Кыя атып кеткени
Дагы шашып жүгүрүп
Жамбысын байлап катарлап
Үчтөн төрттөн жарышып
Бардене мылтык баркылдап
Өтөнтүп мергендер
Элүү мерген ичинен
Отуз мерген атыптыр
Көп олжого батыптыр
Байлагандар жадашып
Эки жагын карашып
Элдин баары жадашып
Как үшүктүн калганда
Айчүрөк келди сабылып
Куралы түрдү көмтөшүп
Жалго түшүү болушуп
Аларды андай көнүгүз
Айчүрөктү жоготмок
Ал жумушта болуңуз
Сексен тоо айдатып
Жез буйласын байлатып
Ак ордону чечиптир
Акун кандын эл деди
Айчүрөк бүгүн жоноот деп
Дөөлөттөрү келгени
Кымбат баалуу буюмду
Тайгактатып бүктөттү
Кызыл нарга жүктөттү

Ошол тоонун ичинде
Куркуроган кара нар
Куну бирге барабар
Уктарын колдоду
Керуге дук баарысын
Тогуз нарга жуктотуп
Буйтар жакын журот ден
Барын мындай ирээттен
Асыл буюм такгактан
Такгактан жугун арттырып
Жибектен аркан тарттырып
Алтындан жагдан бастырып
Кызылдан килем жаптырып
Кыял менен арттырып
Сексен тоого жук артты
Жылкычысын шайлатты
Жылкыдан болун беш жузун
Муну кошуп айдатты
Жашикке салып чаптатып
Нечен турлуу чай артты
Эчиң болот униң ден
Канышка кызыл тай берди
Караңгыда жарыгым
Сени эле ойлоп карыдым
Ошону айтып Акун кан
Олуя кыдыр колдосун
Бет алган жагы оң болсун
Кыраан Манас балам
Семетей сенин жолдошуң
Айтаар сөздү айталбай
Карыдым балам акым жок
Ыраазымын акым жок

Кыбыланы карашып
Ак сакалын тарашып
Алдоо акбар деди эми
Ак батасын берди эми
Көчүп келет жол тартып
Жайлуу жерге конушуп
Ордун жатты болушту
Чанач саба артышып
Өзөн боблой конушуп
Ошондой жерде болушуп
Аркарын атып адырдан
Кырбудан куруп кулжа аткан
Тоого жуктоп эт артып
Аркан жибин бек тартып
Ошондой жерге конушуп
Өз алдынан болушуп
Ордун жатып бээ байлап
Келин кыздын баарысы
Ойноп келет көз жайнап
Баарын тейлеп келеткан
Айчүрөк экен анын аты
Ааламда жок салтанаттуу
Жакындан келди Таласка
Ортосу Талас башы Чүй
Олуяга чоң Ташкен
Ортосунда кең Талас
Жерден жүргөн шер Манас
Каныкей, Бакай карыга
Жакын жердин баарына
Сүйүнчүлөп айтып кел дээди
Эки жигит жарышып
Чоңунсу кагышып
Каныкей эне сүйүнчү

Тоок отуруз кетинчи
Семетей келди деп айтат
Акуудун кызы Айчүрөк
Алып келди деп айтат
Кызыл тазыл кийинген
Жалаң кыздар менен келинден
Түркүн-түркүн букубар
Кайсы бирин айтайын
Сексен нарда жүгү бар
Кызыл-тазыл жамылдан
Айткан туру асылдан
Ысыл буюм баарысы
Каранын жылкы мал келди
Он чактылап чал келди
Таластын ичи чаң болду
Баары бирдик жан болду
Каныкейди карасаң
Боз жорго минип мукайтан
Тилек тилеп кудайдан
Он-он беш мен аялдан
Таласта жаткан кыргыздан
Кыз келинди жыйылып
Жолго чыкты ордокко
Кандай сонун жан жен
Айчүрөктү көрмөккө
Эки чоро эр Семе
Манастын уулу эр неме
Кирип келди Таласка
Бактылуу сарай тамына
Аял дебей эркиги
Баары келип жардаңып

Угоичтон келген кыз келин 
Булар карап таң калып
Болду кызык тамаша
Семетейди карасаң
Ырысына жараша
Бакай баштап карысы
Кара сакал киш мурут
Кыргыздан келди баарысы
Буркуратты түшүнду
Тамааным баары үй болуп
Той бермекке күтүндү.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 288
стр. 81. 1985?
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

III-ТС № 661961.
4 сентября 1950
с. Чырпыкты
Иссык-Кульск. р-на
Ленинск. РОВД.
1 августа 1979
Энгельс 137-7
14/XI-84.